**Автор: Элдики (Осмонов Алыкул)**

**Композитор: Өтөбаев Шамшыбек Тагаевич**

# Ата Журт

Жылуу кийин, жолуң кыйын, үшүүрсүң,Кыш да катуу, бороон улуп, кар уруп…

Суугуңду өз мойнума алайын,

Жол карайын, токтой турчу, Ата Журт!

Жаз да башка, жел тийбесин абайла,

Көпкө турбас мобул турган сур булут.

Бүт дартыңды өз мойнума алайын,

Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!

Түндөр жаман, кырсык салып кетпесин,

Наалат келип ат тизгинин шарт буруп…

Азабыңды өз мойнума алайын,

Из карайын, токтой турчу, Ата Журт!

Жаз да башка, жел тийбесин абайла,

Көпкө турбас мобул турган сур булут.

Бүт дартыңды өз мойнума алайын,

Сен ооруба, мен ооруюн, Ата Журт!